| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**АЙТМАТОВ РАЙОНУ**<br>**ЧОЛПОНБАЙ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЧОЛПОНБАЙСКОГО АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА** |

**10 - март 2025 - жыл** **Чолпонбай айылы**

**Айтматов районуна караштуу Чолпонбай айылдык Кеңешинин**
**II чакырылышынын кезексиз IV-сессиясынын**
**№ 1-токтому:**

**Чолпонбай айыл аймагындагы турак имараттары жана жайлары үчүн ставкалардын өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясынын 2025-жылдын 17-февралындагы №9858 сандуу катынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу мамлекеттик салык кызматынын катынын негизинде Айтматов районунун Чолпонбай айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезексиз IV-сессиясы аталган маселени карап, талкуулап

**Т О К Т О М   К Ы Л А Т :**

1. Чолпонбай айыл аймагындагы турак имараттары жана жайлары үчүн ставкалардын өлчөмү 1 (бир) чарчы метр үчүн 50 (элүү) сом болуп бекитилсин.
2. Токтомдун аткарылышы Чолпонбай айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жамакеевке милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенештин бюджет комитетинин төрайымы А.Турсунбековага жүктөлсүн.

**Төрага** **Абдрай уулу Н**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>АЙТМАТОВ РАЙОНУ<br>ЧОЛПОНБАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОЛПОНБАЙСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

**10 - март 2025 - жыл** **Чолпонбай айылы**

**Айтматов районуна караштуу Чолпонбай айылдык Кеңешинин**
**II чакырылышынын кезексиз IV-сессиясынын**
**№ 2-токтому:**

**Маркумду узатуу жана сөгүн жайга коюу иши боюнча Чолпонбай айыл аймагында иштелип чыккан Жобону бекитүү жөнүндө**

"Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы ПЖ №296 Жарлыгына ылайык Чолпонбай айыл аймагында иштелип чыккан Типтүү жобону бекитүү жөнүндө Айтматов районунун Чолпонбай айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезексиз IV-сессиясы аталган маселени карап, талкуулап

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т :**

1. Чолпонбай айыл аймагында "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" иштелип чыккан Жобо бекитилсин (1-тиркеме тиркелет).
2. Типтүү Жобо бекитилген тартипте каттоодон өткөрүлсүн жана Жобого ылайык иш алып баруу жана жүргүзүү Чолпонбай айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жамакеевге тапшырылсын.
3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Абдрай уулу Н**

Бекитемин
Чолпонбай айыл аймагынын
айылдык кеңешинин
төрагасы Абдрай уулу Н.
_______ ___03_____ 2025-ж.

**Чолпонбай айыл аймагында “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” бекитилген типтүү**
**ЖОБО**

1. Жалпы жоболор
2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун жана күчүнө киргизүүнүн тартиби
3. Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө
4. Көрүстөндү жайгаштырууга,жасалгалоого жана көрктөндүрүүгө,пайдаланууга жана күтүүгө экологиялык,санитардык талаптарды,мүрзөдөгү эстеликтердин өлчөмдөрүн,аларды жасоо үчүн материалдар жөнүндө
5. Жергиликтүү комиссия

## I. Жалпы жоболор

**1.1** Бул Жобо Маркумддарды жайга коюу салттарын каадаларын тартипке келтирүү,кыргыз коомунун руханний-адеп –ахлактык баалуулуктарын коргоо,социалдык адилетүүлүктү камсыз кылуу жана “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө”Кыргыз Республикасынын мыйзамын Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ № 54 Жарлыгына ылайык, “ Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө” Жарлыгына иш жүзүндө жүзөгө ашыруу, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыккан, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2 Жобонун максаты Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын14-октябрындагы ПЖ №296 “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамын ишке ашыруу боюнча Чолпонбай айыл аймагынын айылдарында маркумду жайга коюуда текебердик,башка адамдардын социалдык абалына менменсинип мамиле кылуу,ашыкча ысырапкорчулук,диний каадаларды жана салттарды этибар албоо сыяктуу терс көрүнүштөрдү жана кемчиликтер кездешет.Маркумдун бир туугандары таштан, граниттен же мрамордон өтө чоң курулмаларды, күмбөздөрдү курууда,

маркумдун статуясын орнотууда, мүрзөлөрдү кооз металл тосмолор менен тосууда, өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү, ашыкча ысырап корчулукка, элдин салт-саанасын, үрп-адаттын тоготпоого жол бербөө, ата-салтына жат терс көрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырым-жарымдарын кеңери пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

## 2.Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

2.1. Чолпонбай айыл аймагында "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" бекитилген типтүү жобону (мындан ары-жобо) иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен жергиликтүү кеңештин депутаттарынын, ардагерлердин, аялдар жана жаштар уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрүнөн турган жумушчу тобу түзүлөт.

2.2Ушул типтүү жобонун негизинде жумушчу тобунун тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйындарда талкууланат, жалпыга тааныштыруу үчүн такталарга илинет, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү сайттарына жайгаштырылат. Келип түшкөн иштиктүү сунуштар эске алынып, жобонун долбооруна киргизилет. Иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет.

2.3Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому белгиленген тартипте жергиликтүү кеңештин сайттарына жарыяланат.

2.4 Жобого кызыккан жарандарга айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

## 3. Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө

3.1. Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу чөйрөсүндөгү коомдук мамилелерди жөнгө салынып, укуктук негиздери түзүлгөн, сөөктү жайга коюуну жүзөгө ашыруу кепилдиктери, сөөк коюлуучу жайды уюштуруу жана маркумду узатуу иштери каралган

3.2. Үй-бүлөлүк салтанаттар Чолпонбай айыл аймагынын айылдарында калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча, киргизилген чектөөлөрдү жана тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлсүн.

3.3. Көрүстөндөр Чолпонбай айыл өкмөтүнүн түздөн-түз карамагында болот

3.4. Айыл аймактын тургундары каза болгон учурда көмүү үчүн жайды каза болгон адамга акысыз берүүгө милдеттүү

3. Жаңы көрүстөндөрдү түзүү экологиялык жана тарыхый-маданий экспертизанын корутундусу бар болгон жана санитардык талаптар сакталган учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунуштарын эске алуу менен экологиялык коопсуздукту

камсыздоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат

## 4. Көрүстөндү жайгаштырууга, жасалгалоого жана көрктөндүрүүгө, пайдаланууга жана күтүүгө экологиялык, санитардык талаптарды, мүрзөдөгү эстеликтердин өлчөмдөрүн, аларды жасоо үчүн материалдар жөнүндө

Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу,маркумдун бир туугандары таштан, граниттен, мрамордон, металлдан жана ушул материалдарды айкалыштыруу менен жасалган монументтерди, статуяларды, эстеликтерди жана мүрзө плиталарын тургузууга жана орнотууга тыюу салуу маселеси, ошондой эле мүрзөдөгү эстеликтерди жана тосмолорду жыгач материалдарынан даярдоо жана бийиктиги 0,70 метрден ашпоосу тууралуу сунуштар камтылмакчы.

## 5.1. Жергиликтүү комиссия

5.1.1. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүндө аймактык коомдук өз алдынча башкаруусунда түзүлөт. Анын курамына айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, маданият мекемесинен, ардагерлердин, аялдардын жана жаштардын уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, милициянын, жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрү кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

5.1.2. Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү өлгөндү эске алуу ырым-жырымы өткөрүлүп жаткан жерге чогуусу менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт (же акт түзөт), ал тууралуу комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара ( анын ичинде коомдук уяткаруу чарасын) көрөт.

## 5.3. Комиссиянын функциялары

5.3.1 Комиссиялар төмөндөгүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:

5.3.2 Чолпонбай айыл өкмөтүндөгү Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу,маркумдун бир туугандары таштан, граниттен, мрамордон, металлдан жана ушул материалдарды

айкалыштыруу менен жасалган монументтерди, статуяларды, эстеликтерди жана мүрзө плиталарын тургузууга жана орнотууга тыюу салуу маселеси, ошондой эле мүрзөдөгү эстеликтерди жана тосмолорду жыгач материалдарынан даярдоо жана бийиктиги 0,70 метрден ашпоосу тууралуу сунуштарды карайт жана калк арасында түшүндүрүү иштерине көмөктөшөт.

## 5.4 Комиссиянын ишин камсыз кылуу

5.4.1 Комиссия төмөндөгүлөргө укуктуу:

5.4.2 Комиссиянын иши анын кеңешмесине бардык мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышкан учурда ыйгарымдуу деп эсептелет;

5.4.3. Комиссиянын чечими кеңешмеге катышкан комиссиянын мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат;

5.4.4 Өзүнүн жыйналышына мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдардын, эмгек жамааттарынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн, каралып жаткан маселеге тиешеси бар өкүлдөрдү чакырта алат.

## 5.5. Комиссияга жетекчилик кылуу жана ишин уюштуруу

5.5.1 Комиссияга анын төрагасы жетекчилик кылат.

5.5.2 Комиссиянын жыйналышы зарылчылыгына жараша, бирок кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Жыйналышты комиссиянын төрагасы алып барат, ал жокто комиссиянын төрагасынын орун басары алып баргангана укуктуу.

5.5.3 Комиссиянын жыйынында протокол жазылат жана кабыл алынган протоколдук чечим комиссиянын төрагасы жана анын катчысынын колу менен бекитилет;

5.5.5. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын14-октябрындагы ПЖ №296 “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамын ишке ашыруу боюнча колдонулган тартиптик чара айыл өкмөтүнүн колу менен күбөлөндүрүлүп, каттоо № коюлуп, буйрук менен бекитилет.

5.5.6 Комиссиянын жыйналышы үчүн материалдарды даярдоо жана кабыл алынган чечимдер боюнча ишти комиссиянын жоопту катчысы жүзөгө ашырат.

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>АЙТМАТОВ РАЙОНУ<br>ЧОЛПОНБАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОЛПОНБАЙСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

**10 - март 2025 - жыл** **Чолпонбай айылы**

**Айтматов районуна караштуу Чолпонбай айылдык Кеңешинин**
**II чакырылышынын кезексиз IV-сессиясынын**
**№ 3-токтому:**

**Трансформациялоо жөнүндө**

Айтматов районунун Чолпонбай айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезексиз IV-сессиясы аталган маселени карап, талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.**Чолпонбай айыл аймагына караштуу Чолпонбай айылындагы №742 -0.1 га, №808-0.46 га, №816 -0.1 га, №817-0.6га, №830-0.1га, №839-0.04га чөйрө сызыгындагы жалпы аянты 1.40 га жер аянты "Айыл чарба багытындагы жерлер категориясынан "жайыт" жерлер түрүнөн "Өнөр жайынын, транспорттун, байланышынын, энергетиканын жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого) уруксат берилсин.

**2.**Тиешелүү иш кагаздарын даярдатуу жагы Чолпонбай айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жамакеевке милдеттендирилсин.

**3.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин депутаты, айыл чарба жана жер маселелери боюнча комитетинин төрагасы М.Боромбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Абдрай уулу Н**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>АЙТМАТОВ РАЙОНУ<br>ЧОЛПОНБАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОЛПОНБАЙСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

---

**10 - март 2025 - жыл** **Чолпонбай айылы**

**Айтматов районуна караштуу Чолпонбай айылдык Кеңешинин**
**II чакырылышынын кезексиз IV-сессиясынын**
**№ 4-токтому:**

**Акы төлөнүүчү кызматтарга баалардын прейскурантын бекитүү жөнүндө**

“Чолпонбай тазалык” муниципалдык ишкананын Чолпонбай айыл аймагынын калкына акы төлөнүүчү кызматтардын баасынын прейскурантын Айтматов районунун Чолпонбай айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезексиз IV-сессиясы аталган маселени карап, талкуулап

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Чолпонбай тазалык” муниципалдык ишкананын Чолпонбай айыл аймагынын калкына акы төлөнүүчү кызматтардын баасынын прейскуранты бекитилсин (1-тиркеме тиркелет).
2. Бекитилген акы төлөнүүчү кызматтардын баасынын прейскурантына ылайык иш алып баруу жана жүргүзүү “Чолпонбай тазалык” муниципалдык ишкананын жетекчиси А.Сариевге тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Абдрай уулу Н**

| N | Кызмат аты | | өлчөм бирлиги | | баа (сом) | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жандык малга (МРС) | | 1 баш | | 20сом | | |
| | Сырттан келген | | 1баш | | 40сом | | |
| | Үч айдан өткөн козуга | | 1баш | | 20сом | | |
| 2 | Уй-топоз | | 1баш | | 100сом | | |
| 3 | Жылкы | | 1баш | | 100сом | | |
| 4 | Сырттан келген уй,жылкыга | | 1баш | | 200сом | | |
| | Чаткал жайыты жандык малга | | | | | | |
| 1 | Кой | | 1баш | | 26сом | | |
| 2 | Үч айдан өткөн козуга | | 1баш | | 26сом | | |
| 3 | Сырттан келген кой,козуга | | 1баш | | 52сом | | |
| 4 | Уй-топоз | | 1баш | | 200сом | | |
| 5 | Жылкы | | 1баш | | 200сом | | |
| 6 | Корукта отурган чабандарга Зайга өзгөчө төлөм | | | | | 25сом | |
| | Башка максаттагы берилген жерге | | | | | | |
| 1 | Берилген жерлерге | | 0,50га чейин | | 3000сом | | |
| 2 | Берилген жерлерге максаттына ж | | 0,50га ашкан жерге | | 5000сом,8000чейин | | |
| | | жараша | | | | | |
| | Кызмат көрсөтүүлөрдүн акы төлөмдөрү | | | | | | |
| 1 | Чолпонбай айылы таза сууга | | ар бир кожолукка | | 200сом | | 26-янв 2023ж |
| | | | | | | | 14-сессиясынын №3 |
| | | | | | | | токтом |
| 2 | Чолпонбай айылы таштандыга | | ар бир кожолукка | | 100сом | №2токтом | |
| 3 | Көк-Дөбө айылы | | ар бир кожолукка | | 200сом | Элдик чогулуштун негизинде | |
| 4 | Жөөн-Дөбө айылы | | ар бир кожолукка | | 75сом | Элдик чогулуштун негизинде | |
| 5 | Молдо-Асан айылы | | ар бир жан башын | | 20сом | Элдик чогулуштун негизинде | |
| | | | короого киргизилген | | | | |
| | | | сырттагы колдонулуучу | | | | |
| | | | точкага жылына 1ж | | 1000сом | | |
| | | | | | | | |
| | Техникаларга | | | | | | |
| 1 | Жүктөөгө | | | | 500-700сом | | |
| 2 | Франтальный погрузчик | | 1саатын | Чолпонбай | 4000саатына | | |
| | | | | Молдо-Асан | 3500с | | |
| | | | | Жоон-Дөөбө | 3500с | | |
| | | | | | | | |
| 3 | Жер айдоого | | | | 1500сом | | |
| | | | | | 25л солярка | | |
| 4 | Камаз 65115 айыл ичи | | | | 2000-2500сом | | |
| 5 | Эксковатор Беларусь 82.1.2016г | | 1м | | 80сом | | |
| | | | көмгөнү менен | | 100сом | | |

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>АЙТМАТОВ РАЙОНУ<br>ЧОЛПОНБАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОЛПОНБАЙСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

**10 - март 2025 - жыл** **Чолпонбай айылы**

**Айтматов районуна караштуу Чолпонбай айылдык Кеңешинин**
**II чакырылышынын кезексиз IV-сессиясынын**
**№ 5-токтому:**

**Чолпонбай айылынан ижарага жер бөлүп берүү жөнүндө**

Чолпонбай айылынын тургуну Салжанов Эрлан Ариповичке трактор тетиктерин сатуу үчүн ижарага жер бөлүп берүү жөнүндө Айтматов районунун Чолпонбай айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезексиз IV-сессиясы аталган маселени карап, талкуулап

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т :**

1. Чолпонбай айыл өкмөтүнүн Чолпонбай айылынын тургуну Салжанов Эрлан Ариповичке Суусамыр-Талас-Тараз унаа жолунун жээгинен трактор тетиктерин сатуу үчүн ижарага жер бөлүнүп берилсин.

2. Тиешелүү иш кагаздарын даярдатуу жагы Чолпонбай айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жамакеевге милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин депутаты, айыл чарба жана жер маселелери боюнча комитетинин төрагасы М.Боромбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Абдрай уулу Н**